30-августта Ош мамлекеттик университетинин (ОшМУ) Математика жана информатика факультетинде 1-курс студенттери үчүн салтанаттуу жолугушуу болуп өттү.

Жолугушууну факультеттин деканы ф.-м.и.к., доцент У. Сопуев ачып, жаңы окуу жылына кадам таштаган студенттерди куттуктады. Ал өз сөзүндө факультеттин тарыхын, жетишкендиктерин жана билим берүүдөгү уникалдуу мүмкүнчүлүктөрүн кенен баяндады. Факультеттин бүтүрүүчүлөрү акыркы жылдары өлкөдө жана чет өлкөдө IT, программалоо, маалымат технологиялары, математикалык анализ жана аналитикалык борборлордо ийгиликтүү иштеп жаткандыгы белгиленди.

Ошондой эле, ОшМУнун ректору профессор Кудайберди Кожобеков студенттерге кайрылып, университеттин бардык керектүү шарттарды түзүүгө даяр экендигин, окуу жана жашоо процессинде колдоо көрсөтүлөрүн айтты. Ректор өз сөзүндө студенттерге арналган заманбап инфраструктуралар тууралуу кеңири маалымат берди:

Окуу жылын тандоо системасы аркылуу студенттер өз алдынча сабактардын графигин түзө алышат.

Сабактар ар түрдүү тиркемелер жана онлайн платформалар аркылуу өткөрүлүп, окуу процессин автоматташтыруу боюнча иш-чаралар жүргүзүлөт.

Студенттер үчүн электрондук журнал ишке киргизилген, ал аркылуу сабактардын катышуу көрсөткүчтөрү, баа жана тапшырмаларды онлайн көзөмөлдөөгө болот.

QR-код менен жоктоо системасы жандуу колдонулуп, студенттердин катышуусу так катталат.

Контракттык төлөм жана жатаканага жайгашуу маселелери боюнча практикалык көрсөтмөлөр берилип, студенттерге бардык зарыл маалыматтар жеткирилди.

Студенттер модулдук-интеграциялык программалык комплекс системасы аркылуу окутулуп, теориялык билим менен практикалык көндүмдөрдү бириктирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат.

Бүтүргөн студенттер өлкө ичинде жана чет өлкөдө карьералык мүмкүнчүлүктөргө, ошондой эле академиялык мобилдүүлүк программалары аркылуу эл аралык тажрыйба алууга жол ачышат.

Жолугушуунун аягында студенттер жана алардын ата-энелери тарабынан берилген суроолорго жооп берилди, ошондой эле ар бир студент кафедра башчылары жана адистиктердин кураторлору менен таанышып, окутуу

процессинин деталдары, практикалык иштер жана долбоорлор тууралуу кеңири маалымат алышты.

Бул жолугушуу студенттерге окуу жылынын башталышында керектүү маалыматтарды, мүмкүнчүлүктөрдү жана факультеттин ресурстарын таанышууга жана келечектеги билим алуу жолунда өз максаттарын так аныктоого чоң мүмкүнчүлүк берди.





